
# Трансформер стол



Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Трансформер стол

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган"

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Трансформер стол" (кыргыз тилинде), автор Үмүтай Шүкүрбай кызы, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Кечинде баарын даярдап койбодум беле? Дагы Назик аралаштырып салган тура!

Султан столдун үстүндөгү чачылып жаткан китеп-дептерлерин портфелине салып, мектепке шашыла жөнөдү.

– Мен! Үй тапшырмасын көрсөтсөм болобу? Мен даярмын! – деди ал сабак башталар замат.

– Албетте, болот. Кана, текшерип көрөлүчү! – деп мугалим Султан отурган партага келди.

– Азыр! Азыр! – Султан портфелинен математика дептерин издеп жатты.

Портфелинде баары аралаш!

– Мына, математика! – деп эле ача салып, эки бети кызарып, жер тиктеп туруп калды. Көз жүгүртүп, үн чыгарбай "3-класс, Белекова Назик" деген жазууну окуду.

Ал аябай ыңгайсыз абалда калды. Адашып Назиктин дептерин салып алган тура.

– Демек, үй тапшырмасын аткарган экенсиң! Азамат! – деди Султандын абалын байкаган эжеси аны карап бир жылмайып.

Султан эжейдин мамилесине ыраазы болуп, уят болгонун сезди. Сабактан маанайы суз чыгып, эми эч качан столдун үстүн иретсиз калтырбайм деп өзүнө-өзү сөз берип келе жатты.



Үйгө келип бөлмөсүнө кирди. Назик сабак даярдап отуруптур. Столдун үстү дагы деле чачылган бойдон эле. Султан Назикке мектептеги окуяны айтып берди.

– Байке, мени кечирип коюңузчу. Дептериңизди салып кетиптирмин, – деди Назик.

– Эч нерсе эмес. Кел, андан көрө эми апам айткандай столдун үстүн ирettүү кармайбыз. Китеп-дептерлерди чачпайбыз. Мына ошондо адашпайбыз, – деп экөө макулдашты.

Столдун үстүн жыйнап болгон соң, Султан дзюдо менен машыгып, ал эми Назик ийримге даярданмакчы болду. Бөлмө тар болгондуктан, машыкканга ыңгайсыз. Эки керебет. Анын үстүнө стол да бөлмөнүн ортосунда турат. Ал чоң жана оор. Алар столду көп жолу жылдырууга аракет кылып көрүшкөн. Бирок аны жылдыра албай коюшкан. Эртеси Назик мектепке жөнөп жатып, түстүү карандаштарын таппай, баарын чачып салды. Андан соң Султан жөнөдү. Аягында стол кайрадан эле мурдагы абалына келип калды. Сабактан келип экөө телевизор көрүп, анан баарын жыйнамак болушту.

Алар "Handmade" телеберүүсүн абдан жакшы көрүшөт. Айрыкча Султан бир нерселерди колдо жасап көрүүгө, дизайнерликке кызыгат. Бул ирет берүүдөн трансформер эмеректер тууралуу көрсөтүп жатыптыр.

– Ай-ии-ий! Трансформер дейби, ал эмне? – деп таң калды Назик.

– Трансформер деген сөз англис тилинен которгондо, формасын өзгөртө алган буюм дегенди түшүндүрөт. Трансформер эмерек бир эле учурда ар түрдүү функцияны аткара алат. Алар өзүнүн ыңгайлуулугу менен абдан популярдуу. Ордунан жылдырууга оңой, дөңгөлөктөрү бар. Мындай буюмдарды толук жыйноого же башка эмерекке айлантып коюуга болот. Мисалы, карасаң, бул столду отургуч кылып коюшту, – деп Султан телевизорду карады.

– Э-эх-х! Биздин чоң столубуз да трансформер болуп калса, сонун болмок! Кааласак жылдырып, кааласак жыйнап салмакпыз, – деп кыялданды Назик.

– Эң сонун идея! Кел, экөөбүз өзүбүзгө ыңгайлуу трансформер столдун чиймесин чийип даярдап, макетин жасайбыз.

Алар ишке киришти. Алгач эле өздөрүнүн иретсиз жаткан чоң столуна келишти.

– Күн сайын жыйнайбыз, кайра эле чачылат. Демек, бизге китеп текчелер керек, бирок аны коюу үчүн бөлмөдө орун жок. Ошондуктан, трансформер эң сонун идея, – деди Султан.

Алар көпкө чейин ойлонуп, үйдөгү башка эмеректерди карап чиймесин чийишти. Андан соң картондон макетин жасашты. Ал чыныгы трансформер столдой болуп калды.



Балдар макетти атасына көрсөтүштү.

– Ата, бул, Назик экөөбүз ойлоп тапкан трансформер стол. Бир эле учурда стол да, отургуч да, эң негизгиси, китеп текче да боло алат. Бул эмерек эч кандай ашыкча орунду ээлебейт. Биз аны бөлмөнүн ортосуна эмес, төрүнө коёбуз деп баарын сантиметрлеп ченеп, чиймесин чийдик. Ошондо мен бөлмөдө дзюдо менен да машыга алам, а Назик бийге даярдана алат. Бул трансформерди жыгач усталарына көрсөтүп, чогуу жасасак болобу? – деди Султан.





– Албетте болот! Ушул ишембиде сөзсүз барабыз, – деди атасы балдарынын фантазиясына, креативдүүлүгүнө таң калып.

Ишембиде алар атасы менен эмерек дүкөнүнүн өнөрканасына келип, өздөрүнүн трансформер столунун макетин көрсөтүштү.

– Эң сонун дизайн экен! Балдар, силер чиймени да даярдап койгон турбайсыңарбы! Трансформер столуңарды азыр дароо эле чогуу жасап баштайбыз, – дешти усталар балдардын ойлоп тапкычтыгына баа беришип.

Алар төрт саатта эле чыныгы трансформер столду жасап коюшту. Ошентип, Назиктин кыялы орундалып, эмеректи бөлмөгө орнотушту. Китеп-дептерлерин трансформер текчелерге иреттеп тизишти.

Эми Султандын өзүнчө, Назиктин өзүнчө китеп текчелери бар. Балдар аны өздөрү каалагандай кооздошту. Султан түстүү барактар менен "Султан" деп жазып, машыгып жаткан сүрөтүн чаптап койду. Ал эми Назик болсо, атын жазып, гүлдөрдү өз колу менен жасап, илип алды.

– Дагы бир нерсе жетишпейт экен. Биз калем сап, карандаштарды сала турган органайзер жасайбыз! – дешти алар өздөрүнүн трансформер столун суктана карап.

Органайзер жасоо Султан менен Назиктин колунан келет...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли